| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУНУН<br>МАМЛЕКЕТТИК<br>АДМИНИСТРАЦИЯСЫ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ГОСУДАРСТВЕННАЯ<br>АДМИНИСТРАЦИЯ<br>АРАВАНСКОГО РАЙОНА |
|---|---|

**БУЙРУК РАСПОРЯЖЕНИЕ**

"05" 12 2019-ж. г. №287-б

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2019-жылдын 21-октябрындагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 13-сентябрындагы 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндөгү №474 токтомун аткаруу жөнүндөгү» №613-б буйругун аткарууга алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2019-жылдын 21-октябрындагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 13-сентябрындагы 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндөгү №474 токтомун аткаруу жөнүндө» №613-б буйругун аткарууга алуу максатында,

**Буйрук кыламын:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2019-жылдын 21-октябрындагы №613-б буйругу аткарууга алынсын.

2. 2019-2021-жылдарга Араван районунун мамлекеттик органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чараларынын планы тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Райондук мамлекеттик администрациясынын тийиштүү бөлүмдөрү, айыл өкмөттөрү жана райондук мамлекеттик органдары:

-иш-планды белгиленген мөөнөттөрдө талаптагыдай аткаруу боюнча зарыл болгон бардык чараларды көрүшсүн;

-ар квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 5не чейин иш-пландын аткарылышы боюнча маалыматар РМАна берилип турулсун;

-иш-план мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттеринде каралган каражаттардын чегинде ишке ашырылсын.

4.Бул буйруктун аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик РМАнын тийиштүү бөлүмдөргө, айыл өкмөттөрүнүн башчыларына жана райондук мамлекеттик органдардын жетекчилерине жүктөлсүн.

5.Араван районунун мамлекеттик администрациясынын 2015-жылдын 13-майындагы №95-б буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

6.Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын 1-орунбасары Т.Сатыбалдиевге жүктөлсүн.

Башчысы-аким: К.Айтибаев

Кол койгондор:
Т.Сатыбалдиев
М.Дадажанов
У.Пиратов

Араван РМАнын 2019-жылдын 05.12. №287-б
буйругунун тиркемеси

2019-2021-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча Араван районунун мамлекеттик администрациясынын

иш-чаралар ПЛАНЫ

| № | Милдеттер | Иш-чаралар, иш аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар, индикаторлор | Жооптуу аткаруучу жана кошо аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 1-глава. Коррупцияга каршы саясат | | | |
| 1. | Коррупсияга каршы саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга багытталган жарандык демилгелерди ишке ашыруу | 1.Коррупцияга каршы саясат чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды, стратегияларды жана программаларды иштеп чыгууга жана алардын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүгө жарандык коомдун кеңири жана ачык катышуусун камсыз кылуу.<br>2.Мониторингдин жыйынтыктары менен үзгүлтүксүз коомдук угууларды жана талкууларды өткөрүп туруу.<br>3.Коррупцияга каршы саясатты иштеп чыгууда жана анын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүдө бизнес-ассоциацияларды сурамжылоонун маалыматтарын жана сунуштарын, ошондой эле бизнес үчүн диалогдук аянтчаларды пайдалануу. | Дайыма<br>Дайыма<br>Дайыма | Коррупцияга каршы саясатты натыйжалуу иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча жарандык коомдун институттары менен бизнес коомчулуктун өз ара аракеттенүүсүнүн иштеген механизми киргизилет.<br>Жарандык коомдун катышуусу менен коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү жарандык демилгелерди милдеттүү түрдө кабыл алышат жана талдоонун жыйынтыктары боюнча чечим кабыл алышат. | РМА, айыл өкмөттөр |
| 2. | Коррупцияга каршы билим берүүнү, агартууну жана | Сапаттуу коррупцияга каршы билим берүүнү, агартууну жана пропагандалоону камсыз кылуу | Дайыма | Билим берүү мекемелеринин окуучуларынын арасында коррупцияга каршы тематикада тренингдерди өткөрүү жана ага | РМА, РБББ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | …опагандалоону өркүндөтүү | | | байкоо жүргүзүү.<br>Орто окуу жайларынын жана мекмепке чейинки мекемелердин окуучуларын кошкондо коррупцияга каршы курстардын угуучуларын кеңири камтуусун камсыздоо | |
| 3. | Коррупциянын алдын алуунун жана мамлекеттик органдарда антикоррупциялык ишке көзөмөл жүргүзүүнүн иштеги механизмдерин өркүндөтүү | 1.Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкерди жумушка кабыл алуунун жана жумуштан бошотуунун атайын регламентин иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү.<br>2. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкердин функцияларын жана милдеттерин кайра карап чыгуу.<br>3. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкердин ишин стимулдаштыруунун механизмдерин киргизүү | Январь 2020-жыл<br><br>Июнь 2020-жыл<br><br>Июнь 2020-жыл | Коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматердин көз карандысыз статусун бекемдөө.<br>Коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматердин функцияларын жана милдеттери унификацияланат.<br>Коррупциянын алдын алуу жаатында иштөөгө жогорку квалификациялуу кадрларды тартуу үчүн шарттарды түзүү жана кадрлардын кеип кетүүсүн алдын-алуу | РМА, айыл өкмөттөр, райондук мамлекеттик органдар |
| **2-глава. Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат** | | | | | |
| 4. | Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматтагы кызыкчылыктардын кагылышын баалоонун жана жөнгө салуунун мыйзамдык жана институттук негиздерин | Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматтагы кызыкчылыктардын кагылышынын алдын алуу, аныктоо жана жөнгө салуу, жеке кызыкчылыктардын декларациясын толтуруу маселелери боюнча дайыма окутуу | Дайыма | Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматта кызыкчылыктардын кагылышы жаралган кырдаалдар жокко чыгарылат жана минималдаштырылат.<br>Бардык мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар кызыкчылыктардын кагылышы болуучу учурлардын алдын алуу, | РМА, райондук мамлекеттик органдар, айыл өкмөттөр, райондук салык кызматы |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | ...ригзүү | | | жөнгө салуу жана башкаруу боюнча окуудан өтүшөт.<br>Мамлекеттик органдардын жана айыл өкмөттөрүнүн кызыкчылыктары тарабынан милдеттүү тартипте жыл сайын жеке кызыкчылыктар тууралуу декларация тапшырылат | |
| 5. | Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматта ак ниеттүүлүктү камсыздоо | 1.Этикалык ченемдерди сактоо маселелери боюнча мамлекеттик кызматкерлерди дайыма окуулардан өткөрүү.<br>2.Этика боюнча комиссиясынын коррупциянын алдын-алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкерлер менен натыйжалуу бирге аракеттешүүсүн камсыз кылуу. | Дайыма | Окуудан өткөн мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлердин саны көбөйөт.<br>Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар тарабынан этикалык ченемдерди бузуулардын саны азайат.<br>Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкерлер этика боюнча комиссиянын курамына кошулат | РМА, райондук мамлекеттик органдар, айыл өкмөттөр |
| | **3-глава. Коррупцияны болтурбоо, алдын ауу. Административдик процедуралар, коомдук сектордогу отчеттулук жана ачык айкындуулук** | | | | |
| 6 | Региондорду өнүктүрүү фонддорунун ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу | 1. Региондорду өнүктүрүү фонддорунун ишинин натыйжалуулугун талдоону, Региондорду өнүктүрүү фонддорунун иши тууралуу маалыматтарды ачыктоо боюнча талаптарды аткарууну жана Региондорду өнүктүрүү фонддорунун вебпорталынын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды аныктоо.<br>2.Түшкөн арыздар, ал арыздарды жана Региондорду өнүктүрүү фонддорунун каражаттарын пайдалануу жөнүндө | Декабрь 2019-жыл<br><br>Март 2020-жыл | РӨФ иши жөнүндө маалыматтард ачыктоо боюнча ыйгарым укуктуу орган аныкталды.<br>Региондорду өнүктүрүү фондунун ишинин натыйжалуулугу жогорулады жана ачык-айкындуулугу камсыздалды. Калкка жеткиликтүү порталы иштеп жатат. | РМА, Айыл өкмөттөр, КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо агентигинин Араван |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | отчетторду баалоонун жана тандоонун жыйынтыктары тууралуу маалыматтарга Региондорду өнүктүрүү фонддорунун бирдиктүү порталы аркылуу коомчулуктун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-ноябрындагы №633-токтому менен бекитилген «Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүүнүн тартиби жөнүндө» типтүү жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү.<br>3. Региондорду өнүктүрүү фонддорунун бирдиктүү веб-порталын иштеп чыгуу жана пилоттук режимде аны апробациялоо.<br>4.Региондорду өнүктүрүү фонддорунун бирдиктүү веб-порталын ишке киргизүү | Март 2020-жыл<br>Сентябрь 2020-жыл | | райондук өкүлчүлүгү |
| **4-глава. Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү укук коргоо иши** | | | | | |
| 7. | Укук колдонуу практикасын жакшыртуу | Коррупциялык мыйзам бузуулардын тенденцияларына талдоо жүргүзүү | Дайыма | Коррупциялык мыйзам бузууларга талдоо жүргүзүлүп жана сунуштар иштелип чыгылат | Райондук укук коргоо органдары |
| **5-глава. Мамлекеттик органдардын калк менен өз ара аракеттенүүсү** | | | | | |
| 8. | Коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндө жарандардын активдүү катышуусуна багытталган райондун аймагында | 1.Райондо коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мамлекеттик жана муниципалдык органдардын жана жарандык коомдун өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүүнүн негизги тенденцияларына талдоо жүргүзүү.<br>2.Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде калк менен өз ара аракеттенүү маханизмдерин жакшыртуу. | Декабрь 2019-жыл<br>Декабрь 2019-жыл | Коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча мамлекет менен калктын ортосундагы өз ара аракетенүү механизмдерине талдоо жүргүзүлөт, анын негизинде аталган механизмдер өркүндөтүлөт.<br>Калктын жер-жерлерде пландаштырылган жана ишке | РМА, айыл өкмөттөр, райондук укук коргоо органдары, КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | коомчулук менен иштөөнүн сапатын жогорулатуу | 3.Аймактарда жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдардын, жалпыга маалыматтоо каражаттарынын активистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары жана айыл өкмөттөрүнүн кызматкерлери менен жер-жерлерде коррупция менен күрөшүүнүн проблемаларын изилдөө үчүн жолугушууларды өткөрүү.<br>4.Туруктуу негизде коомдук угууларды өткөрүү жолу менен коррупцияга каршы иш-чаралардын аткарылышын талкулоо боюнча жер-жерлерде жарандардын катышуусун камсыздоо | Дайыма<br><br>Дайыма | ашырылып жаткан коррупцияга каршы чараларды талкулоого активдүү катышуусу камсыздалат. | аралык мамилелерди чындоо агентигинин Араван райондук өкүлчүлүгү |

Араван РМАнын аппарат жетекчиси: М.Дадажанов